# “Ак жарык” (“Ашыгым”)

Сөзү:  Мунара Алимжан кызы

Обону:  Азамат Жоробаев

Аткаруучу:  Беназир Токтобекова

Аткаруучу : Жумагүл Райымжан кызы

Көңүлүм ооруп, гүл өңүм соолуп,

жабыркап дүйнө, жалгыздык торуп

Жүргөндө жадап, кусага толуп

сен келдиң мага ак жарык болуп.

Кайырма:

Ашыгым менин,арзыган теңим,

Арначы мага ак сүйүү кебин.

Сүйдүргөн менин, сүйүктүү теңим,

Сүйлөчү мага сүйүүнүн кебин.

Өзүңдү таппай, өзгөлөр жакпай,

Өткөрдүм далай өмүрдү актай.

Капилет келип, кар дүйнөм ээрип,

Жарыгың чачтың, жылуулук берип.